КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 18-декабрындагы №92

Оргочор айылы

**“Тоголок” алтын кенин иштетүүгө электр аба чубалгысын тартуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл Министрлигинин 2023-жылдын 2023-жылдын 8-августундагы жер казынасын пайдалануу укугуна алынган №7366 АЕ Лицензиясынын жана 2024-жылдын 2-февралындагы түзүлгөн №2 Лицензиялык макулдашууга ылайык “Тоголок” алтын кенин казып иштетүүгө “Кумтөр Оперейтинг Компани” жабык акционердик коомунун 2025-жылдын 27-ноябрындагы чыгыш №01-5/499 каттын негизинде, “Тоголок” тоо кен проектисинин менеджери Чомокеев Алмаз Бекбосуновичтин жана “Кумтөр Оперейтинг Компани” жабык акционердик коомунун энергетиги Кожошев Нурланбек Манаповичтин билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Оргочор айыл аймагына караштуу Сары-Бел өзөнүнөн “Тоголок” алтын кенине чейинки узундугу болжол менен 18 чакырымды (км) түзгөн 35 кВ электр аба чубалгысын куруп, иш алып барууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы боюнча иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**